# №2 АРАЛЫК ОТЧЕТУ
## 2011-жылдын 4-октябры – 17-октябры

**2011-жылдын 24-октябры**

## I. КЫСКАЧА МАЗМУНУ

- 17-октябрга карата президеттик жарышта 19 талапкеркалды (өзүн-өзү көрсөткөнү – 12, саясий партиялар көрсөткөнү– 7).

- Жалпысынан шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшү улам күч алып келет, бирок али да анча жигердүү эмес. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ талапкердигин алып таштоо жана күчтүрөөк талапкерди колдоо максатында, келечекте кызмат орун берүү убадаланган тымызын сүйлөшүүлөр жүрүп жаткандыгы туралуу маалымат алды.

- Президент, Парламент, Борбордук Шайлоо Комиссиясы (БШК) жана Улуттук Коопсуздук Мамлекеттик Комитети (УКМК), башкалар менен катар, Кыргыз Республикасынын жарандарына өз ара урмат-сый менен түтүмдүүлүк көрсөтүп, аймактык, улуттук же диний негизде жаңжал чыгып кетүүсүнө шарт түзүшү мүмкүн болгон иш-аракеттерди жасабоо чакырыктары менен кайрылууда.

- Негизинен, БШК отурумдары талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, маалымат каражаттары жана байкоочулар үчүн ачык. Ошентсе да, БШК коомчулук катышпаган жабык чогулуштарды өткөрүүнү да улантууда. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ бюллетендердин коопсуздугун сактоо чаралары жашырын жүргүзүлүп, бюллетендердин басылып чыгарылышы байкоого алынбагандыгы туурасында кабар алды.

- ЕККУ/ДИАУБ ШБМге берилген чектелүү маалыматтардан БШКга 15 даттануу, анын ичинде өнөктүк иштерине мэрлер кийлигишип жаткандыгы тууралуу эки билдирүү түшкөндүгү белгилүү болду. ШБМге күнү бүгүнкүгө канча жана кандай арыздар келгендиги жана алар боюнча кандай аракеттер жасалгандыгы туурасында толук маалымат берүү өтүнүчтөрүнө БШК тарабынан жооп берилген жок.

- БШКнын билдирүүсүнө ылайык, 19-сентябрга карата добуш берүү тизмелерине 2.842.411 шайлоочу киргизилди. Участкалык шайлоо комиссиялары (УШК) шайлоочулардын арыздарын кабыл алууну улантып, БШК шайлоочулар тууралуу маалыматтарды жаңылап, толуктоодо өзүнүн мобилдүү текшерүү топторун колдонуу боюнча улуттук өнөктүгүнө таянат. БШКнын маалыматты кайчылаш текшерүү жана кайталанып жазылган же каза болгон шайлоочуларды тизмеден чыгаруу жөндөмдүүлүгү чектелүү бойдон калууда.

- Шайлоону өткөрүүгө даярдануу, тактап айтканда, төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссияларын түзүү, комиссия мүчөлөрүн окутуу жана бюллетендерди басып чыгаруу, жалпысынан, өз нугунда бараткан өңдүү. Ошентсе да, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ кээ бир аймактарда көп сандагы УШК мүчөлөрүнүн бул иштен баш тартып кетип жатканын байкоодо.

- БШК кыргыз жана орус тилдеринде көптөгөн теле- жана радиожарнактар менен программаларды, брошюраларды, плакаттарды жана жарнама такталарын чыгарды. Шайлоочуларга маалымат таратуу интернет жаңылык сайттары жана бир катар GSM уюлдук операторлорунун жардамы менен текст билдирүүлөр аркылуу да жүргүзүлдү.

- Маалымдоо каражаттарына жүргүзүлгөн алгачкы мониторинг мамлекет каржылаган каналдар бекер обо убактысын берүүгө киришкенин, бирок муну шайлоо өнөктүгү башталгандан эки жумадан кийин гана кылышканын көрсөттү.Бир катар маалымат булактары төлөнгөн өнөктүк материалдарын туура белгилебей, шайлоочуларды материалдардын кайсылары редакциялалык, кайсылары талапкерлер тарабынан төлөнгөн жарнама болгондугу туралуу адаштырууда.

## II. САЯСИЙ КЫРДАЛ ЖАНА ӨНӨКТҮК ЖАГДАЙЫ

6-октябрда Борбордук Шайлоо Комиссиясы (БШК)кошумча төрт талапкерди каттоодон өткөрүп, бешөөнү каттодон баш тартты[1]. Талапкерлердин 23 талапкерден турган жаңы тизмеси БШК тарабынан жарыяланды: 13үөзүн өзү көрсөткөн талапкерлер жана 10у партиялар тарабынан көрсөтүлгөндөр. Октябрдын 17сине карата дагы төрт талапкер шайлоодон баш тартып, жарышта 19 талапкер калды, алардын арасында бир да аял жок. Шайлоодон баш тарткан талапкерлердин бирөө калган катышкан талапкерлердин бирин ачык колдоп чыкты.[2]ЕККУ/ДИАУБ ШБМ талапкердигин алып таштоо жана күчтүрөөк талапкерди колдоо максатында, келечекте кызмат орун берүү убадаланган тымызын сүйлөшүүлөр жүрүп жаткандыгы туралуу маалымат алды.

Жалпысынан шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшү улам күч алып келет, бирок али да анча жигердүү эмес. ЕККУ/ДИАУБтун байкоочуларынын пикиринде, жалпы коомчулуктун шайлooого болгон кызыгуусу чектелүү болгондой көрүнөт, айрыкча элет аймактарында. Өлкөнүн бардык жерлерине кеңири тараган плакаттар, баннерлер жана жарнама такталары менен катар, жыйындар өнөктүктүн эң айкын каражаттарынын бири болууда. Алты талапкер өнөктүктүн басылма материлдарына эң көп жарыяланып, өткөрүлгөн бир топ жыйындарда эң көп катышкандыгы байкалууда.[3]Алардын жыйындарына катышкандардын орточо саны 200дөн 500гө чейин.Өнөктүк көйгөлөр эмес, талапкерлердин инсандык сапаттарына негизделүүдө. Кантсе да, өнөктүктүн темаларына экономикалык өнүгүү жана жумушсуздук, коррупция менен мыйзам башкаруусу, инфраструктуранын абалы, миграция менен коопсуздук жана өлкөнүн биримдиги кирет.Бир катар талапкерлер курултайдын жаңыдан жандандырылышын жактоодо.[4]

Буга чейин кандайдыр бир олуттуу зомбулук көрсөтүлгөн бир дагы учур тууралуу кабар келбегени менен, төрт башка жерден үч талапкердин жарнама такталары менен

---

[1] Каттоонуун расмий белгиленген акыркы мөөнөтү 25-сентябрда аяктагандан кийин жетиштүү жана жарамдуу колдорду топтой албагандыгы үчүн четтетилген тогуз талапкер БШКнын чечиминин үстүнөн арыз берешип, ишти ийгиликтүү жеңе алышты. БШК тогуз талапкер үчүн тең колдорду кайрадан текшерүүнү жүргүзүп, аларга тил сынагына катышууга мүмкүндүк берди. Төрт талапкер, топтогон колдору жарамдуу деп табылып, катталды. Беш талапкер четтетилди, анын ичинен төртөө топтогон колдору жарабаган үчүн, бирөө тил сынагынан өтпөгөн үчүн.

[2] А.Жапаров А.Атамбаевдин кандидатурасын колдоп чыкты.

[3] К.Ташиев, А.Мадумаров, Ө.Суваналиев, К.Байболов, А.АтамбаевжанаК.Калматов.

[4] Кыргызстан элдеринин бул салттуу жыйындары анда-санда чогулуп, мыйзамдуу статусу жок.

плакаттары зыянга учурады же алынып ташталган.[5]Талапкерлердин бири өнөктүктүн эки жыйынындагы кайрылууларында ачыктан-ачык улутчул сөздөрдү колдонуп сүйлөдү.[6]Маалым болгондой, шайлоо өнөктүгү башталардан мурун жергиликтүү маалымат каражаттары элди шыкактаган сөздөрдү колдонгон учурлар болгон. Азыр андай учурлар азайган өңдүү. Ошетсе да, улутчулдук көз караштагы материалдар Жалал-Абадда жайгашкан 7-каналда жана "Учур" гезитинде жарык көрдү.[7]Ошол эле мезгилде бир нече жолу кээ бир гезиттер ("Алиби", "Дэ факто", "Учур", "Московский комсомолец") талапкерлердин кадырын кетирген материалдарды жарыялаган.

Айрым талапкерлердин өкүлдөрү добуштарды сатып алуу схемалары, шайлоочуларга пара берүү жана административдик ресурсту тигил же бул талапкердин пайдасына кыянаттык менен колдонуу тууралуу тынчсыздануларын билдирүүдө.Добуштарды сатып алуу жана административдик ресурсту кыянат пайдалануу жөнүндөгү ушак-айың сөздөр кеңири тараган. Кантсе да, бир дагы чыныгы далил ушуга чейин келтирилген эмес.

Шайлоо түндүк менен түштүктүн ортосундагы ажырымды тереңдетип, өлкөнү туруксуздандырышы мүмкүн деген жалпы тараган сестенүү бар. Буга каршы, ар кандай саясатчылар жана уюмдар шайлоону тынч өткөрүүгө жана өнөктүк жүрүшүндө сабырдуулук кылууга үндөп жатышат. Президент, Парламент, Борбордук Шайлоо Комиссиясы (БШК) жана Улуттук Коопсуздук Мамлекеттик Комитети (УКМК), башкалар менен катар, Кыргыз Республикасынын жарандарына өз ара урмат-сый менен түтүмдүүлүк көрсөтүп, аймактык, улуттук же диний негизде жаңжал чыгып кетүүсүнө шарт түзүшү мүмкүн болгон иш-аракеттерди жасабоо чакырыктары менен кайрылууда.

29-сентябрда Парламент "Кыргыз Республикасынын Президенти жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын аткарылышын камсыз кылуу боюнча чаралар туралуу" токтомун чыгарып, анда мамлекеттик ресурсту кыянат колдонуу тууралуу мыйзамда жазылгандарды дагы бир ирет ырастады. Парламент тартипке келтирүү чараларын токтоосуз колдонууга жана бул шарттарды бузуу үчүн кызматтан бошотууга чакырып, мыйзамдын аткарылышын камсыздоодогу прокуратуранын ролун баса белгиледи. Өзгөчө мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кызматтык милдетин аткарган учурда өнөктүккө катышуусуна жана кайсы болсо да талапкердин пайдасына өз кызматтык абалынан пайдалануусуна тыюу салынат.

Аптасына бир жолу БШК өнөктүк каржылары, талапкерлер каржылары, түшкөн, жумшалган жана калган суммалар тууралуу маалыматтарды жарыялап турат. Ошентсе да, салымдар булактары, ар бир салымдын жана чыгашалардын суммасы жөнүндөгү кенен-кесир маалыматтар коомчулук үчүн жеткиликсиз бойдон калууда.[8]

---

[5] А.Мадумаровдун жарнама тактасы Кант, Токмок жана Кемин шаарларында талкаланган, К.Ташиевдин Токмоктогу плакаты айрылган, А.Атамбаев менен А.Мадумаровдун плакаттары Майлуу-Суу шаарында алынып ташталган.

[6] ЕККУ/ДИАУБШБМК.Ташиевдин 14-октябрда Базар-Коргондо жана 16-октябрда Жалал-Абадда болуп өткөн митингдери жөнүндө кабарлайт.

[7] Жергиликтүү маалымат каражаттарын 2011-жылдын августунан тарта мониторинг кылып келген маалымат мыйзамы боюнча жергиликтүү МЭУнун билдирүүсү боюнча.

[8] БШКнын 2011-жылдын 10-октябрында интернет сайтында жарыялаган билдирүүсүнө ылайык: Атамбаев мырзага 33,400,000 сом (болжолменен556,000 евро) түшкөнжана22,550,906 сом (болжолменен376,000 евро) чыгымдалган; Мадумаров мырзага 19,673,580 сом (болжолменен328,000 евро) түшкөнжана19,064,781 сом (болжолменен317,000 евро) чыгымдалган; Байболовмырзага10,275,000 сом (болжолменен171,000 евро) түшкөнжана10,015,240 (болжолменен167,000 евро) чыгымдалган; Ташиевмырзага9,122,290 сом (болжолменен152,000 евро) жана8,592,337 сом (болжолменен143,000 евро) чыгымдалган.

Талапкерлердин биринчи каржылык отчетторунун негизинде, БШК көзөмөлдөө-текшерүү тобуна бардык катталган талапкерлерге карата аудит жүргүзүүгө буйрук берген. Талапкерлерден ишке алуу контракттарын, ижара макулдашууларын, салык инспекциясынан катталуу документтерин жана буга чейин жүргүзүлгөн иш-аракеттерине (кол топтоо, өнөктүк жана жарнама материалдарын даярдоо үчүн пункт уюштуруу жана кызматкер жалдоо) кеткен чыгашаларын көрсөтүү суралган. Топ чогулткан маалыматтар БШКга карап чыгуу жана керектүү аракеттерди жасоо үчүн тапшылырылган.Талапкерлердин экинчи каржылык отчету 20-октябрда күтүлөт.

Шайлоого тиешелүү даттануулар сотторго түшүп жатканда, июнда башталган жана августтун орто ченинде карата бүтчү Жогорку Сотко жана Конституциялык Палатага судьяларды тандоо жараяны шайлоонун жараянынын бир элементи болуп эсептелинет. Бирок президенттин айрым тандалган судьяларды жаратпай коюшу жана жарандык коомдун тандоо комиссиясынын ишин жаратпай коюшу, жараяндын кийинкиге калтырылышына алып келди. Натыйжада, судьяларды тандоо мыйзамы жана конституциялык палата жөнүндөгү мыйзам өзгөртүлүүгө тийиш болуп, саясий кайымайтыш жараянына жол ачты.Судьяларды тандоону бүткөрүүнүн жаңы мөөнөтү алигиче белгилене элек. 6-октябрь күнү 200гө жакын адам жараянды токтотуу аракетинде парламентке кирүүнү тосмолошту.

## III. ШАЙЛООНУБАШКАРУУ

Негизинен, БШК отурумдары талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, маалымат каражаттары жана байкоочулар үчүн ачык. Ошентсе да, БШК коомчулук катышпаган жабык чогулуштарды өткөрүүнү да улантууда.

Шайлоону өткөрүүгө даярдануу, тактап айтканда, төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссияларын түзүү, комиссия мүчөлөрүн машыктыруу жана бюллетендерди басып чыгаруу, жалпысынан, өз нугунда бараткан өңдүү. ЕККУ/ДИАУБ кээ бир аймактарда каржылык компенсациянын жоктугунан улам көп сандагы УШК мүчөлөрүнүн бул иштен баш тартып кетип жатканын, башкаларынын болсо иштөөгө мажбурланып жатканын байкоодо. Кээ бир жерлерде баш тартуулардын саны кыйла жогору.[9]

УШКлар үчүн машыктыруу программасы аягына чыгып, ЕККУ/ДИАУБ ШБМнын байкоосунда, ал жалпысынан эң жакшы, жогорку сапатта өткөрүлдү. Ошондой эле БШК Аймактык шайлоо комиссияларынын (АШК) системдик администраторлору үчүн эки күндүк машыктырууну, анын ичине УШК протоколдорун БШКга жөнөтүү үчүн факстарды колдонууга машыгууну өткөрдү.

10-октябрда БШК бюллетендердин тексти, кагазынын форматы жана басып чыгаруу жол-жобосу жөнүндө чечим кабыл алды. БШК талапкерлердин бюлеттендеги иретин чүчү кулак кармоо аркылуу аныктады. Бюллетендин форматы катталган талапкерлердин саны али 23 болгондо чечилген. Шайлоо мыйзамы талапкерлердин шайлоого үч күн калганга чейин баш тартуусуна жол берет. Азыркыга чейин шайлоодон баш тарткан төрт талапкер жана мындан кийин баш тартып кеткен талапкерлер бюллетендер УШКга жетери менен тизмеден чийилип ташталууга тийиш. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ бюллетендердин коопсуздук чаралары жашырын болуп, ШБМга көрсөтүлүшү мүмкүн эместиги туурасында кабар алды. ШБМгабюллетендерди басып чыгарууну байкоого да уруксат берилбеди.Бюллетендерди басып чыгаруу 17-октябрда

[9] Көп санда кызматтан баш тартуулар жөнүндө Жети-Өгүз, Түп, Ак-Суу, Тоң райондорунан, Каракол, Балыкчы шаарларынан жана Ош областынан кабар келүүдө.

аяктап, басмадан 2.870.000 бюллетень чыкты.Бул сан өз ичине мыйзам талап кылган 0,1 пайыз кошумча бюллетендерди да камтыйт.

Учурда БШК бюллетендин "туйма бюллетень" деген ат менен белгилүү нускасын даярдоодо; ал көрүүсү начар адамдарга бюллетенди башкалардын жардамысыз толтурууга мүмкүндүк берет.УШКлардын ар биринде ушундай нускадагы бюллетендердин бирден топтому болот.Ошондой эле БШК шайлоочулар үчүн талапкерлер жөнүндө Брайль ариби менен басылган өзүнчө маалыматтарды даярдамакчы. Бирок ЕККУ/ДИАУБ ШБМга бардык эле УШКлар ушундай мүмкүнчүлүк тууурасында кабардар болбогондугу жөнүндө белгилүү болду.

Чет жактагы дипломатиялык миссиялар менен консульстволордо өлкөдөн тыш жүргөн шайлоочулар үчүн жыйырма тогуз шайлоо пункту 23 мамлекетте орнотулду. БШКнынболжоосуна ылайык, өлкөнүн сыртынан добуш берүүгө катталган шайлоочулардын саны 24.000. Өлкөдөн тыш добуш берүүгө катталган шайлоочулар *шайлоочулук дарегинен* добуш берген деп белгиленүүгө тийиш. БШК өлкөнүн сыртындагы арыздарды иштеп чыгуу жана *шайлоочулук дареги* боюнча добуш берүү маалыматтарына кошуу ишинин алдыга жылышын тастыктай алган жок. ШБМ менен маектешкендер чет жактагы шайлоо пунтуларынын жетишсиздигинен улам добуш берүү укугунан ажыраган шайлоочулардын саны тууурасында тынчсызданышканын көп билдирүүдө.[10]

## IV. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО

БШКнын билдирүүсүнө караганда, 19-сентябрга карата шайлоочулардын тизмелерине 2.842.411 шайлоочу киргизилди.Коомчулук тарабынан шайлоо тизмелерин текшерүү уланып, ар кандай УШКларда ар кандай жүрүүдө. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ ички мигранттар көп жашаган шаар райондорунда шайлоочулардын кызыгуусу күчөгөнүн байкоодо. УШКлар шайлоочулардын маалымат оңдоо, тизмеге киргизүү, шайлоочулук дареги боюнча добуш берүү жана кыймылдуу добуш берүү боюнча арыздарын алууну улантууда. Ошол эле мезгилде ЕККУ/ДИАУБ ШБМ айрым УШКлар эл келгенде жабык болгонун байкады. Шаалоочулардын арыздары АШКга жөнөтүлүп, ал жактан системдик администраторлор шайлоо маалыматтарын жаңылаганда, шайлоочуларга арыздарын карап чыгуунун жыйынтыгы тууурасында ырааттуу түрдө кабар берилбейт.БШК шайлоочулар тууралуу маалыматтарды жаңылап, жетишпегендерин, эң алды жеке идентификация номерлерин, толуктоодо өзүнүн кыймылдуу текшерүү топторун колдонуу мамлекеттик өнөктүгүнө таянат. Бул топтор өз ишин аткара баштаганда, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ кыймылдуу текшерүүнүн жол-жоболору жөнүндө УШКлардын бир кылка түшүнүгү жок болгондугун жана иш-чарага жарандык коомдун өкүлдөрү аз катышкандыгын байкады.

Шайлоочуларды каттоо боюнча улуттук деңгээлде бириккен системи шайлоочулар тууурасында кошумча маалыматты, анын ичинде *шайлоочулук дареги* боюнча добуш берүүгө байланыштуусун, киргизүүгө мүмкүндүк бергени менен, учурда БШКнын маалыматты кайчылаш текшерүү жана кайталанып жазылган же каза болгон шайлоочуларды тизмеден чыгаруу жөндөмдүүлүгү чектелүү. Бир эле УШКда шайлоочулар жөнүндөгү бирдей же окшош болуп кайталанып жазылып калган маалыматтаравтоматташтырылган ченөлчөмдү колдонуу аркылуу табылып, ашыгы шайлоочулар тизмесинен чыгарылып, БШК операторлору тарабынан архивделген. УШКлардагы кайталанып жазылган маалыматтарды алып таштоо эки жерде тең

[10] Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин болжоосу боюнчареспубликанын 700.000дей жараны чет жакта жашайт.

шайлоочунун жеке идентификациялык номери жазылган учурларда гана мүмкүн болгон.Добуш берүү тизмелериндеги каза болуп калган шайлоочулар маселесин жарым-жартылай чечүү үчүн БШК 1920-жылга чейин туулган бардык шайлоочуларды алып таштаган; алынып ташталган шайлоочулардын али көзү тирүүлөрү тизмеге кирүү үчүн кайрадан арыз бериши керек болду. БШКнын шайлоочулар боюнча маалыматтарды текшерип жаңылоо аракети алгалаган сайын, анын натыйжасында коомчулуктун текшерүүсү үчүн УШКларда адеп жиберилген тизмелер менен кийин кыймылдуу топтор тарабынан колдонулган тизмелердин ортосунда айырмачылык пайда болууда. Кантсе да, шайлоочулардын өздөрүнө тийиштүү маалыматтарды тармактан текшерүүсүн жеңилдеттүү үчүн БШК өз вебсайтын жаңылады. БШКнын добуш берүү системин түзүү жана колдонуу эрежелери али да бекитилүүгө жана жарыяланууга тийиш.

## V. ШАЙЛООЧУЛАРГА БИЛИМ БЕРҮҮ

Шайлоо комиссиялары жөнүндөгү мыйзамдын 7(23) беренесине ылайык, шайлоо мыйзамынын, эң алды шайлоочуларды каттоо жол-жоболорунун кыйла өзгөргөндүгүнө байланыштуу, шайлоочуларга керектүү билим берүү боюнча БШК жоопкерчиликтүү. Шайлоо мыйзамындагы олуттуу өзгөрүүлөргө, өзгөчө шайлоочуларды каттоо жараянына байланыштуу, бул маселе өзгөчө маанилүү болууда. БШК кыргыз жана орус тилдеринде көптөгөн теле- жана радиожарнактар менен программаларды, брошюраларды, плакаттарды жана жарнама такталарын чыгарды.[11] Шайлоочуларга маалымат таратуу интернет жаңылык сайттары жана бир катар GSM уюлдук операторлорунун жардамы менен текст билдирүүлөр аркылуу да жүргүзүлдү.БШК иш-аракеттерине кошумча, мамлекеттик жана жергиликтүү маалымат каражаттары шайлоочуларга билим берүү боюнча дагы башка материалдарды сунушташты.

Мындан тышкары, шайлочулар тизмелерин жаңылоо менен бирге, БШК кыймылдуу текшерүү топторуна шайлоочуларга аты-жөнү жана катталган шайлоо участкасынын дареги жазылган чакыруу баракчалары таратуу тапшырылган. Жарандык коомдун бир катар уюмдары да шаалоочулар үчүн маалыматтарды таратуу жана ар түрдүү маалымдоо ишмердүүлүгүн жүргүзүү аркылууБШКнын билим берүү иш-чараларына кошулушту. Шайлоочуларга билим берүү боюнча жигердүү өнөктүк жүрүп жаткандыгына карабай, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ менен маектешкендердин кээ бири шайлоочулардын көпчүлүгү шайлоочуларды каттоо жол-жоболоруна жакында киргизилип, добуш берүү тизмесине шайлоо күнү киргизилүүгө уруксат бербеген өзгөртүү жөнүндө кабарсыз болушу мүмкүн деген тынчсыздануулларын билдирүүдө.

## VI. ДАТТАНУУЛАР ЖАНА АПЕЛЯЦИЯЛАР

Бишкектеги райондук сот талапкерлерди каттоодон четтетүүгө байланыштуу арыздарды угууну улантты.Тил тестин өткөрүүдөн жана топтолгон колдорду экинчи ирет текшерүүдөн кийин каттодон четтетилген беш талапкердин үчөө БШКнын чечимине карата сотко арыз жөнөтүштү. Райондук сот үч иш боюнча тең БШКны жактап, аппеляциялардын бири да Жогорку соттон колдоо тапкан жок. Райондук соттон иштер шашылыш түрдө, бир-эки күндүн ичинде каралды. Жогорку сот иштерди карап чыгууга шайлоо мыйзамы боюнча берилген беш күнгө чейинки мөөнөттөн пайдаланды.

БШК бардык каттарды, анын ичинде даттанууларды, жалпы каттоого алууда. Бирок анда бардык түшкөн даттануулар менен аларга карата жасалган иш-аракеттерди майда-

---

[11]БШК тарабынан даярдалган шайлоочуларга билим берүү жарнактары бүгүнкү күндө көбүнчө коомдук жана мамлекет каржылаган телеканалдарда көрсөтүүлүүдө.

чүйдөсүнө чейин көзөмөлгө алуу механизми жок. ЕККУ/ДИАУБ ШБМдын жалпы каттоону карап чыгуу өтүнүчү боюнча БШК бардык келген даттануулардан жана көрүлгөн чаралардан кыскача үзүндүлөрдү камсыз кылууга макулдугун берди.Азыркы учурда БШК тараптан берилген үзүндүлөр али толук болбой, 19-сентябрга чейин түшкөн каттарга байланыштуу маалыматтарды гана камтыйт.

Азырынча БШК ага түшкөн 15 даттануу боюнча гана маалымат берди. Бул даттануулардын арасында өнөктүк ишмердүүлүгүнө шаар мэрлери (Бишкек жана Жалал-Абад) кийлигишип, өнөктүк жарнактарын алып салууну буюргандыгы, атайын берилген жерлерге плакат илүү үчүн акы төлөөнү жана өнөктүк материалдарын мэрдин бекитүүсүнө берүүнү талап кылгандыгы тууралуу эки билдирүү бар. Жооп катары, БШК аталган эки мэрдин кеңселерине кат жолдоп, маселени иликтеп, БШКга кандай чара көрүлгөндүгү тууралуу маалымат берүүнү өтүндү. Азырынча мэр кеңселеринин экөөнөн тең БШК эч бир жооп ала элек көрүнөт.

## VII. УЛУТТУК АЗЧЫЛЫКТАРДЫН КАТЫШУУСУ

Азчылык өкүлдөрүнүн шайлоо өнөктүгүндөгү иш-аракеттерге катышуусу өтө чектелүү, айрыкча этникалык өзбектер жыш жашаган түштүк аймактарында. Алар талапкерлер уюштурган жыйындардан оолактап, башка дагы коомчулукту маалымдоо иш-чараларына катышуудан баш тартууда.

Буга чейин талапкерлердин улуттук азчылыктар жашаган аймактарга багытталган өнөктүк аракеттери да бир кыйла аз болуп келди. Кээ бир талапкерлер өз өнөктүгүн басылып чыккан өнөктүк материалдарын өзбек жамаатынын жетекчилери аркылуу таратуу менен чектөөдө. Талапкерлердин экөөнөн башкалары[12] өнөктүк материалдарын кыргыз жана орус тилдеринде басып чыгарышкан.БШК да бардык шайлоо материалдарын аталган эки тилде чыгарган.

Улуттук азчылыктар маселелери менен улуттар аралык меселелер дагы шайлоо өнөктүгүндө тийиштүү түрдө чагылдырылбай келет. Айрым талапкерлер өлкөдөгү биримдикке чакырганы менен, улуттук азчылыктарды өнөктүккө тартууга жана катыштырууга тиешелүү маселелерге түздөн-түз кайрылышпайт.

## VIII. МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ

Маалымдоо каражаттарына жүргүзүлгөн алгачкы мониторинг шайлоо өнөктүгү расмий түрдө 25-сентябрда башталгандан бери анын жүрүшү маалымдоо каражаттарында бир кыйла айкын болуп калганын көрсөттү.[13]Ошону менен бирге мониторингге алынган маалымат каражаттары БШКнын талапкерлерди каттоо сыяктуу иш-аракеттерине, ошондой эле четтетилген талапкерлердин сотко кайрылуу жараянына олуттуу көңүл бурууда.

Шайлоо жөнүндөгү мыйзамга ылайык, мамлекет тарабынан каржыланган телекомпаниялар катталган талапкерлер үчүн жумушчу күндөрү бир сааттан кем эмес бекер обо убактысын берүүгө милдеттендирилет. Ошого карабастан, мониторингге

[12]Байболов мырза жана Суваналиев мырза өз үгүт материалдарын кыргыз, орус жана өзбек тилдеринде чыгарган.

[13] Азыркы учурга карата сегиз талапкер өздөрүнүн төлөнмө жарнактарын мамлекет каржылаган телеканалдардын биринен сунушташты – А. Абдылдаев, А.Атамбаев, К.Байболов, К.Исабеков, А.Калматов, А.Мадумаров, Ө.Суваналиев жана К.Ташиев.

алынган мамлекет тарабынан каржыланган каналдардын *(КТРК, ЭлТР)* бири дагы бул талапты аткарбай, БШК лотереясынын негизинде шайлоо өнөктүгү расмий башталгандан эки жумача кийин гана кайымайтыштарды өткөрүүнү жана талапкерлердин кайрылууларына убакыт берүүнү баштады.[14]Бардык жарнак убактылары менен форматтары 6-октябрда БШК тарабынан өткөрүлгөн лотореяда аныкталды. Бул шарт мурунтан телекомпаниялар менен болгон макулдашууларга жана мыйзамдын саат 20.00дөн24.00гө чейин берүү талабына туура келет.[15]

12-октябрда мамлекет каржылаган *ЭлТР* каналы алгачкы кайымайтышты уюштурду. Коомдук КТРК телекөрсөтүүсү (эл аралык колдоо менен) интерактивдүүкайымайтыштарды түз ободо берүүнү 17-октябрда баштоону пландаштырса, жеке каналдар эч кандай кайымайтыш өткөрүүнү белгилешкен эмес.

Маалымат каражаттарында айрым узакка созулган көйгөйлөргө, маселен, кээ бир парламентарийлердин 5-каналдын алардын ишин сындап берген баяндамаларын терс кабыл алганы өзгөчө белгиленди. Көпчүлүк муну учурдагы аталган каналды мамлекеттештирүү жараянынын жана анын убактылуу парламенттик аккредитациядан ажырап калгандыгынын себеби катары көрүүдө.[16]

Бир нече телеканалдар, анын ичинде *КТРК* коомдук телекөрсөтүүсү, өз көрөрмандарына премьер министрдин милдетин аткаруучунун кызмат ордунда жана партияда жүргүзгөн иштерин чагылдырган баяндамаларды дээрлик күн сайын сунуш кылууда.Көптөгөн баяндамалар анын ишмердүүлүгүнүн кызматтык жана аземдик аспектилерин айкалыштырып көрсөтөт. Ошентсе да, берүүлөрдүн негизги бөлүгү убактылуу өкмөттүн жетишкендиктерине арналган. Кеңири баяндалып жаткан өкмөт жетишкендиктери көбүнесе өргүүдө болгон премьер министр Алмазбек Атамбаевге байланыштырылып, ошону менен кыйыр түрдө анын жарыштагы талапкер катары кандидатурасын алдыга жылдырууда.

Шайлоо мыйзамы бардык өнөктүк материалдарынын алар үчүн тийиштүү талапкердин шайлоо фондунан төлөндү деп ачыктан-ачык белгиленишин талап кылат. Мониторингге алынган маалымат каражаттарынын бир катары, алардын ичинде телеканалдар да, басма сөз каражаттары да, көпчүлүк учурда ушундай белгилөөнү колдонушкан эмес.Бул шайлоочуларды материалдардын кайсылары редакциялык, кайсылары талапкерлердин төлөнгөн өнөктүк жарнамалары экенинен адаштырат.

Бир нече эл аралык жаңылык каналдары, анын ичинде BBC, CNN жана Euronews (Еврожаңылыктар) кабель тармагында жеткиликсиз бойдон калууда. Бул шайлоо мыйзамынын өнөктүккө четтик маалымат каражаттары аркылуу катышууга тыюу салуу шартын аткаруу иретинде Бишкектеги *Ала ТВ* кабель оператору тарабынан көрүлгөн сактык чарасы. Орусиянын Биринчи каналы обого кечеңдетилип чыгарылып жатса, ошол эле Орусиянын кээ бир башка каналдары, тактап айтканда, *РТР, РТР 24*же*ТВ Центр,* жана ошондой эле *Deutsche Welle* каналы түз алынып берилүүдө.

---

14 КТРК коомдук телекөрсөтүүсү муну 7-октябрда, Кыргыз коомдук радиосу жана ЭлТР (мамлекет каржылаган телекөрсөтүү) 10-ктябрда баштады.

15 КТРК кайымайтыштарды, тегерек столдордү жана расмий кайрылууларды, ЭлТР кайымайтыштар менен кайрылууларды, Кыргыз Радиосу маектешүүлөр менен кайрылууларды уюштурууда.

16 Сентябрдын баш ченинде Жогорку Кеңеш, эч расмий түшүндүрмө бербестен, бул каналдын жаңы календардык жылга болгон аккредитациясын узартпай койгон. Натыйжада каналга парламент залынан алып көрсөтүүгө уруксат берилген жок. Аккредитация октябрдын 14үндө гана жаңыртылды.

## IX. ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ

Кыргыз Республикасында жарандык коом шайлоону байкоо жараянына абдан активдүү катышат: “Таза Шайлоо” өлкөнүн бардык жерине жиберилген 55 узак мөөнөттүү байкоочулары аркылуу байкоо жүргүзүп, шайлоо күнүнө 1.500 байкоочу дайындалган.Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясынын шайлоо даярдыктары менен өнөктүк жүрүшүнө көз салган 70 узак мөөнөттүү байкоочусу жана шайлоо күнү болжоп тандалган 500 добуш берүү участкаларында шайлоого байкоо жүргүзө турган 1.000 байкоочусу бар. Эркин жаштар альянсы тогуз узак мөөнөттүү байкоочуну дайындап, шайлоо күнү дагы 200дөй кыска мөөнөттүү байкоочуларды жер-жерлерге жиберүүнү пландаштырууда.

17-октябрга карата БШК төмөнкүдөй уюмдардан 63 эл аралык байкоочуну аккредиттеди: ЕККУ/ДИАУБ, Шанхай Кызматташтык Уюмунун Катчылыгы, Европа Экономикалык Шериктештиги,Беларусь Республикасы менен Орусия Федерациясынын Борбордук Шайлоо Комиссиялары жана башка дипломатиялык өкүлчүлүктөр.

## X. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ ИШ-АРАКЕТТЕРИ

Баяндалып жаткан мезгилдин ичинде, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ өзүнүн демейки иш-аракеттерин улантып,мамлекет кызмат адамдары менен, шайлоо башкармалыгы, талапкерлер жана партиялардын өкүлдөрү, сот кызматкерлери, маалымат каражаттарынын өкүлдөрү, жарандык коом жана дипломатиялык жамаат менен жолугушту. Бардык областтарга (аймактарга) жиберилген байкоочулар шайлоочулардын катталуусуна жана өнөктүккө катышуусуна байкоо жүргүзүүнү жана кыска мөөнөттүү байкоочуулардын келишине даярданууну улантып жатышат. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ жетекчиси Жалал-Абад жана Ош шаарларына барып, ал жактан талапкерлердин өкүлдөрүнө, жергиликтүү бийликтерге жана жарандык коом өкүлдөрүнө жолукту.

***Булотчеттуанглисжанаорустилдериндеокуугаболот.***
***Англис тилиндеги түп нускасыбирден-бир расмий документ болуп эсептелинет.***